№1 Педкеңешмеде кабыл алынды:
«14» 09 2021-ж.

Бекитемин
Мектеп директору
А.А.Карагулова

**Мугалимдин фунуционалдык милдеттери боюнча жобо**

**1.Мугалимдин билимине коюлган жалпы талаптар:**

- КР конституциясын, билим тармавгындагы закондорун, Өкмөттүн токтомдорун жана башка нормативдик долкументтерин билүү;
- Окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн , окуу гигиена талаптарын ,педагогика, психология негиздерин билүү;
- Сабак берүүнүн интерактивдүү ыкмаларын, предмет боюнча программалык талаптарды билүү;
- Окуу китептерине жана колдонулуучу окуу каражаттарына коюлган талаптарды билүү;
- Педагогикалык илимдин жана билим тармагынын өнүгүү багыттарын билүү;
- Эмгектин илимий уюштурулушунун жолдорун билүү;
- Өрт жана техникалык коопсуздуктун эрежелерин билүү;

**2. Мугалимдер төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- педагогикалык этиканы жана жалпы билим берүү уюмунун уставын тутууга жана аткарууга;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде окуучулардын негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүлөрүн камсыздоого;
- окуучулардын өзгөчөлүктөрүн, ишке чеберчилик менен мамиле кылууларын өнүктүрүүгө, жүрүм-турумдарынын жогору ахлактык сапаттарын тарбиялоого;
- билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен кызматтык дасыктык талаптарга ылайык келүүгө;
- өзүнүн кесиптик деңгээлин ар дайым өркүндөтүүгө жана дасыктарын жогорулатууга;
- окуучуларга карата моралдык жана күч ыкмаларын колдонбоого милдеттүү;
- Окуу программанын негизинде түзүлгөн жүгүртмөгө жараша бекитилген класстарга сабактарын өткөрүүгө, окуу тарбия иштерин уюштурууга;
- Окуу жылынын башында календардык планын бекиттирип, сабактын иштелмелерин ар бир сабакка жазууга;
- Сабак учурунда окуучулардын коопсуздугун сактоого;
- Планга ылайык тиешелүү документтерди толтуруп, чейрек сайын предмет боюнча окуучулардын жетишүүсү тууралуу отчет берүүгө;
- Жетишпеген жана шыктуу окуучулар менен иш алып барууга;
- Предметтик- кружок иштерин уюштурууга;

- Мектепте жүргүзүлгөн иш чараларга: Педкеңшмеге, методкеңешмеге, директорлун алдындагы кеңешмеге, конфернцияга жана семинарларга катышууга;
- График боюнча нөөмөтүн аткарууга;
- Мектептин мүлкүнө аярлуу мамиле кылууга;

### 3. Мугалимдер төмөнкүлөргө укуктуу:

- окутуунун жана тарбиялоонун усулдарын, жалпы билим берүү программаларын, окутуу-усулдук комплекттерди, окуучулардын билимин баалоонун усулдарын өз алдынча тандоого жана колдонууга;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, окутуу жана тарбиялоо усулдарынын негиздеринде автордук жалпы билим берүү программасын, окуу китебин, окутуу-усулдук колдонмолорун иштеп чыгууга жана колдонууга;
- алдынкы педагогикалык тажрыйбаларды жүзөгө ашырууга;
- өзүнүн кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоого;
- кесиптик иши үчүн тийиштүү шарттарды талап кылууга;
- өзүнүн кесиптик деңгээлин жана дасыгын жогорулатууга (бул максатта жалпы билим берүү уюмунун администрациясы мугалимдерди кайра даярдоо жана дасыктарын жогорулатуу курстарында окутуу үчүн тийиштүү шарттарды түзөт);
- Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык өз ыктыяры менен аттестацияланууга;
- уставында аныкталган таризде жалпы билим берүү уюмун башкарууга катышууга;
- -Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган кошумча социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге.

### 3.Жоопкерчилиги:

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жоопко тартылат:

- милдеттерин аткарбаганда;
- окуучулардын укуктарын одоно бузганда;
- мектептин мүлкүнө чоң зыян келтиргенде;
- мектептин уставын жана ички тартибин бузганда;